
Гулайым Абдраимова
Окулбаган
каттар...

С (Кырг)
А 13

Гүлайым
**АБДРАИМОВА**

# ОКУЛБАГАН КАТТАР



Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 3586

Бишкек - 2017

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана

**УДК 821,51**
**ББК 84 ки 7-5**
**А 13**

*Колуңуздагы китеп, узакка созулган оорудан улам, 59 гана жаш курагында о дүйнө кеткен атам – **Асан Абдраимовдун** бейнесине арналды.*

*Атам аман болсо, быйыл 85 жашта болмок.*

*(автор)*

**Абдраимова Гүлайым**
**А 13 Окулбаган каттар. Ырлар: – Б.: 2017. – 100 б.**

**ISBN 978-9967-9025-7-2**

*Бул китепке автордун мурда жана кийинки мезгилдерде жазган ырлары менен бирге, кара сөз багытында маркум атасы Асанга жолдоп жазган каттары, ошондой эле апасына, классташтарына, мезгилге, жашоого, көрө албастыкка, сагынуу темасында жазылган ырларынан башка басымдуу бөлүгү - сүйүү, арзуу чыгармаларына дагы кеңири орун берилген.*

**А 4702300200-17**

**УДК 821,51**
**ББК 84 ки 7-5**

**ISBN 978-9967-9025-7-2**
© Абдраимова Г., 2017

# ТАМЫЗГЫ – ТАЛАНТ БАШАТЫ

*Тээ алмустактан тартып, ата энелерибиз, чоң ата-чоң энелерибиз көбүнчө кеч курун коңшу-колоңдорунан от тамызгы алып келүү үчүн айрыкча тестиер балдар, кыздарын же келин- кезектерин жумшап,келишкен. Эгерде, жиберген үйдүн коломтосунда сактаган оттун кору жок болуп же өчүп калган болсо, экинчисине, болбосо кийинкисине... барып отуруп, акыры эшик алдыларындагы коломтодо оттун кору өчпөгөн же коломтосундагы алоо болуп күйүп жаткан жалынынын жарыгы кечки үрөң барандагы үйдү жашоонун шаңына бөлөп, тирүүчүлүктөн кабар берип, үй алдындагы кечки ырыскыга кам уруп, казан менен алпурушуп жаткан энелердин же жеңелердин очокторунан өз очокторуна от тамызгы сурап кайтышчу...*

*Мындай алака - өмүрдүн, жашоонун бүтпөс белгиси катары ыйык бааланып, эч бир эне же жеңе тамызгы сурап баргандарга "жок" деген сөздү айтышчу эмес.Тескерисинче: "Жолдо ойноп ,бир нерселерге алаксып өчүрүп албай, үйүңө тез жеткирип бер"...дешкен күйүмдүү сөздөрүн айтышкан... Ошентип, бир айылдын эли ынтымактуу - туз, нан даамдаш болуп, бири-бирине кайрымдуу,эриш аркакта өмүрдөн-өмүр улап жашап келишкен.*

*Так ушундай сыңары акыныбыз -Гүлай Абдраимованын "Окулбаган каттар" аттуу ырларынын жыйнагы менен анын маркум атасы Асан Абдраимовго жолдоп жазган каттарын ушул китебине топтоп жазганын мага редакциялап чыгууга туура келди.*

*Арийне, жогоруда сөз кылып кеткенимдей Гүлайдын жараткан нукура поэзиялык чыгармалары менен "Окулбаган каттар" прозасы - алмустактан бери карай салт болуп келе жаткан улутубуздун эпикалык чыгармалары бири -бирибизге оозеки мүнөздө өтүп отуруп, бүгүнкү жазма адабиятыбызга чейин келип жеткен чыгармаларды күнү бүгүн жалгаштырып эле тим болбостон, ар бир жазган ырын же чыгармасынын үңгүсүн "от тамызгы" сыяктуу ошол жактан алып, поэзиясы менен прозасынын анын ар бир сабына, ар бир сүйлөмүнө жаңылык катары киргизүүгө далалат кылып жатканы байкалып турат.*

*Алалы, анын "Акын жүрөгү" аттуу ыр саптарында:*

*"Алсыз дебе, акындардын жүрөгү,*
*Нанга жетпей өтөт дебе күндөрү.*
*Суктанышып Айга,Күнгө ,асманга,*
*Коздукта өтөт акын өмүрү"-деп,*

*жалпы эле акындардын дарегине кемсинтүү, басынтуу ж.б.у.с. көрө албас ичи тардык түшүнүктөрдө жүргөндөргө, алардын көпкөндөрүн, адамды адам катары көрбөй калган "көр көкүрөк", "көр кабактардын" ошондой түшүнүктөрүнүн мизин майтарат...*

*Же, «Атама» деген ырында:*

*Канча жылдар өттү экен арадан,*
*Көздүн жашы миң сан болуп куюлган.*
*Гүл көтөрүп келдим бүгүн бейитиңе,*
*Турчу атаке, турчу атаке ордуңдан"...*

*деп жазат Гүлай, атасы түбөлүк жаткан бейиттин башына келгенин айтып буркурап. Уул*

*же кыз бала үчүн ата менен ападан өткөн кымбат нерсе бул дүйнөдө барбы?Автор так ушул үч куплет ырында атага болгон ички муңу менен кайгысын , зары менен сагынычын үн сөзсүз көр алдында жаткан атасы менен аз да болсо бөлүшүп бүгүн чыгарып алат.*

*Ал эми " Апама" аттуу ырын мындайча жазган.*

*"Түйшүгүн тартып баланын,*
*Өткөндүр апа жаш чагың.*
*Ойлонуп жүрүп түшкөндүр,*
*Өрүлгөн кара чачтарың...*

*...Бозоро түшөт жамалым,*
*Көргөндө аппак чачтарың.*
*Ойлонто бербей апаке,*
*Токсондон аша жашагын"-*

*деп энелердин же апалардын жөнөкөй эле уулдары катары карыган энесинин жүзүн көрүп, акын жүрөгүнүн түпкүрүнөн, ичтен тымызын сызат.*

*Анан мезгилдин мыйзамына аргасыз баш ийген апасына дени сак, узак өмүр тилейт.Баланы өстүрүп, чоңойтууда ар бир эне же ата, бала түйшүгүн тартып, адам болуп кетүүсүн тилеп, анын кийинки тагдырын ойлоп жалаң бала деп жүрүп карып кеткенин сезет.Кеп чындыгында энинин жүрөгү балдары үчүн так ошондой.*

*Аны Гүлай Абдраимова ошондой максатта сездирип турат. Акындын жүрөк толтосунун алдынан жараткан ырлары дагы, өзү курдуу башка акындардай эле темасы ар кыл.Алсак; деги эле адам турасында ыйык деп түюп келген ата- эне жөнүндө же жакын санаалаш ,курбу курдаштарына, эжесине, айылына арнаган ж.б. көптөгөн ырлары дагы ушул китебинен орун алган. Ошентсек да, китебиндеги*

ырларынын басымдуу бөлүгү, сүйүү - мөлтүр булактай таза, тунук махабат туурасында жазгандары негизги орунду ээлегенсийт.

Бул темада да ал кубаныч менен кайгынын, ортодогу калыбына келбес жаңылуулар кимисинен кеткен сыяктуу ойлорго чөмүлөт. Каталык өзүндө же жигитте экенин ыр саптарында аныктап берет.

Мына ушул туурасында анын "Өрттөлгөн сүйүү!" аттуу ырында:

"Өрттөп салдым барак толо ырларды,
Өрттөп салдым сага деген сүйүүмдү
Күнөөлү эмес, махабатым, ырларым,
Өрттөш керек болчу сенин өзүңдү...-

деп, өткөн жаңылыштыгына, өзүн күнөөлөп, аны өрттөп салып жазалагысы келет.Алибетте, анын поэзиядагы мындай пикири айныгыс тыянак!Бирок, ошончолук махабат кыялына баткан селки, аны деле аткара албасын билет эмеспи. А, айрым акын, жазуучуларыбыз болсо, ошол эле сүйүүсүн-махабатын бийик аскадан ары түртүп жиберип тынса, бири буурakандап аккан дарыяга салып жиберип, жазалагысы келет. Гүлай Абдраимова сүйүү темасына көп кайрылган. Анын мына ушуга байланыштуу кыял чабыты күчтүү экенин, аны башка таамай атып жайлаган кыл мергендей эле болгон акындын сүйүү туурасында жазган ар кайсы ырларынан өз баамымды далилдөө максатында мисал келтирдим. Акындын ыр саптарын талдап, мактоо менин максатым дагы эмес.Гүлайдын мага урунган ыр саптарынан мисалдап, окуучуларына далил катары айткым келди...

... "Таарына албайм тагдырга да сага да,
Күнөө койбойм, өзүмө да, жаштыкка.

*Бар болгону мына ушундай тыянак,*
*Биздин жолдор, эки бөлөк жактарда"*
*("Кайрылба")*

*Же,*

*..."Билбесинчи, эч кимиси көрбөсүнчү,*
*Мөлтүрөгөн суудай тунук махабатым.*
*Таап алып талаандыга салышпасын,*
*Бул менин эң акыркы аманатым."*
*("Махабатым")*

*Же,*

*... "Жок курбум, сен ал үчүн ыйлабачы,*
*Арзыбайт ага кеткен көздүн жашы.*
*Жаа жасап, мен колуңа жебе берем ,*
*Ойлонбой, сен сүйүүнү атып салчы"*
*("Ыйлаба, арзыбаган сүйүү үчүн")*

*Же,*

*"Күтпөйм эми, сүйбөйм сени тажадым,*
*Ачтым жаңы тагдырымдын барагын.*
*Бирок, ошол жаңы ачылган баракта,*
*Жазылыптыр сени күтүп жашарым."*
*("Кылымга күтүү")*

*-деп акын өз сүйүүсүн өзү ылгап, ар тараптан сынап карап, бир сүйүү- бир махабат тууралуу баам салат.*

*Акын Гүлай Абдраимова так ушул китебин маркум атасы Асан Абдраимовго арнаганы көрүнүп тургандай, биз жогоруда кеп кылган махабат ырлары китебинен арбын кезиккен сыяктуу, атасына карата жазган ырларынан да көп жолуктурууга болот.*

*Андан тышкары китебинин аяккы бөлүгүн "Окулбаган каттар"...деп проза түрүндө атасына арнап, каттарын биринин соңунан бирин жазганы дагы көрүнүп турат.*

*Каттар... анын бой тартып калган кезинде эмес 11-12 гана жашында, мектептин башталгыч класстарында, окуп жүргөн секелек кезинде жазыла баштаганын байкайсың.*

*Ал каттар, кийин дагы, ошол кезиндеги - тестиер учурундагы бук болуп жаш жүрөгүндө биротоло орноп, атасынан ажырап калган кайгылуу күндөрүндөгү назик жүрөгүн эзип өткөн оор жаратынын карты дагы эле аякпай, ошол убактагы атасын эстегенде, кайрадан сыйрылып, ошондогу өкүттө өткөн армандуу күндөрүн сезиминде жаңырта, жалгыздап купуя ыйлап жүргөнү анын жазгандарынан даана сезилет.*

*Акын атасын эскерип, жаңыртып жазган сайын, бүтүндөй тулку бою бошоп,элесине эркеп, ээндикти же жалгыздыкты самоо менен ал атасына бир гана жолу, бир гана ирет жолугуп, аны менен салам алик алышып дидар көрүшүүгө так ушул күндө да зар болуп жүргөнүн баамдоого болот. Бирок, жашоонун жазылбаган мыйзамы таптакыр андай эмес да!..*

*Баса, болочоктогу акын кыз атасынын бейит башына барып алып, аны менен кадыресе эле сүйлөшүп жаткансып, атасына болгон сагынуусун,кусалыгын ата жытына зар болуп жүргөнүн айтат. Ал атасы менен бирге иштеген агайлары менен эжелеринин ага болгон боор толгоо мамилесин козгоп, атасына купуя да, кат жүзүндө да эркеп төкпөй чачпай айтып берет.Ал гана эмес, мектептеги болуп жаткан жаңылыктардан атасы куру калбасын деп да жазып турган. Бирок, ал жерде атасынын орду жок экенин билип, эңшерилет, эзилет. Агайларынын -эжекелеринин "саксайган" кызынын азыңкы жүзүн көрүп атасыз калган кызга боорлору ооруп, ага ылым самап*

*жылуу мамиле жасашып, башынан сылап, алардын да атасынын арбагын сыйлап жүргөндүгүн баамдаган кичинекей кыз, ошолордун баарысын атасына төкпөй-чачпай айтып берүүгө далалаттанып, анысын кат жазуу менен билдирүүгө аракеттенет. Жазган каттарын атасы окубаса деле, окуйт деп кыялданат.*

*Атадан жетим калган бир эле "саксайган" кыз эмес, эркек балдар дагы ошончолук тигил кыз сыяктуу сагынуу болорун дагы акын ошондой каттарынын биринде эки эле ооз сөзү менен мындайча жеткизе жазып бере алган.*

*Мисал келтирели: "Ата, сагындым сизди. Ата, сизди эстеп ыйлап жатып уктап калыптырмын" ...деп, андан ары "Сабактан тарап жатканда Мирлан партама токтоп, мага кат сунду:-Сен эле дейсиңби атасын сагынган, мен дагы атамды сагындым ,кантели айла жок экен, ыйлаба атаң тиги дүйнөдө болсо да кыйналат ,сезет деп айтышат..Ушунча күлүп-жайнап жүргөн баланын дагы сезиминде атасына болгон кайгы, сагынычы, кусалыгы жатканын билип сыйлап калдым." ..деп, атасынан ажыраган классташы Мирлан тууралуу толгонгон пикирин атасына жазып:*

*... "Ата ыйлай берип, сизди кыйнагым келбейт" ... деп кезектеги катын ушундайча аяктайт, "кичинекей саксайган жаман кыз" дегенибиз менен анын каты, анын ошондогу кичинекей жүрөгүндөгү атасына болгон сагынуусу, кусалыгы кайгысы бүгүнкү күндөрдө да токточудай көрүнбөйт. Негедир ал мындай каттарын жүрөгүнүн тереңинен купуя жаза берүүсү улана берет. Анткени ал, атасынын кичинекей " саксайган жаман кызы" боюнча калып калган да!.. Гүлайды кичинекей кезинде апасы деле аны так ушинтип эркелетсе керек...*

*Сөз - соңунда айтар эки ооз сөз- автор так ушул "Окулбаган каттарынын" биринчи эле*

*катынын эң алгачкы шилтеминде: "Ырларымдын агылып келиши, ата сизге кат жазуумдан башталды. Ушул кат менен бирге ырларым пайда болду. Бул менин жашоом, арманым, кубанычым сизге жазган кат артындагы ырларым" деп башталат...*

*Арийне, алгы сөзүмдө айткандай, алмустактан тартып, адам өмүрү бири-бири менен жалгашып бүгүнкү күнгө чейин жеткенинин бир белгиси мына ошол от тамызгы. Адам баласынын өмүрү менен түбөлүк жашоосунун так ушул белгиси болгон от тамызгы акын Гүлайдын поэзиясы менен прозасынын жаралуусуна үндөш кылып маркум атасынын бейнесине, элесине арнап кат жазуудан баштаганын кабарлайт.*

*Чыгармачылыктын нагыз жолуна түшүүнүн түйшүгүнүн башаты ар бир акынга же жазуучуга ар түрдүү аян менен келерин автор өзү сезиш керек. Демек, так ошондой.*

*Гүлай, мындай чыгармачылыкка тобокел кылып бой таштаганыңа талантың менен мээнетиңе атаңдын арбагы, чыгармачылыгыңа тамызгы болуп бергендир.*

*Чыгармачылыктагы болгон түйшүктөрүң менен өз жолуңду,өз нугуңду таап, бул жаатта байтеректей бүрдөй бер!*

*– Сени ата арбагы колдосун.*

***Жумабек ТОКТОГАЗИЕВ,***
***жазуучу.***

# АЙЫЛЫМА

Жамгыр жааса, айылыма кеч убак,
Суктанамын терезеден мен карап.
Сулуу селки турган өңдүү чач тарап,
Ак кайыңдар салкын желге ыргалат.

Алыс кетсем, сагынамын айылым,
Сен кубанчым - сенсиң менин жан
кайгым
Бул дүйнөдө эч нерсеге алмашкыс,
Сен ырларым - түгөнбөгөн дастаным.

Сенде калган, атакемдин бейити,
Сенде калган, балалыктын издери.
Келем айылым, келем сага кайрылып,
Куса болуп, атакемди сагынып.

# АДАМ КИМ?

Адам неге азгырылат мынча бат?
Мынча неге эки жүздүү жаралат?
Алсыз жанын ажал келип алаарда,
Жараткандан дагы бир аз, өмүр сурап.

Адам неге ак пейилдүү боло албайт?
Мынча неге бири - бирин көрө албайт?
Аркасынан түркүн- түрлүү сөз айтып,
Маңдайыңан «мен акмын» деп карганат.

Азыр сен да башың чайкап турасың,
«Окшобойм» деп ошол айткан адамга.
Кечир досум, бирок жаңылышасың,
Биз окшошпуз адам деген айбанга!

## СҮРӨТҮҢӨ

Ойлуу тиктеп, сырдуу карайт көздөрүң,
Неге сырдуу, ата сенин сүрөтүң.
Карабачы, мени антип атаке,
Жашык кызың ыйлай берет күндө эле.

Сени эстесем, атаке ыйлай берем,
Сагынып бейитиңе күндө келем.
Зар болуп бир көрүүгө элесиңди,
Мугалимдер ичинен издей берем.

Эх өлүм, мынча неге таш боор элең?
Чакырсам, мага дагы келет белең.
Таштап койуп тирүүлүктү бул жалганды,
Атаке, мен сиз жакка кетет элем.

# КУСАЛЫК

Апа, апа үшүдүм жапчы эшикти,
Чаалыгып, тикелешкен ак- карадан.
Тагдырдын таш жолунда бутум канап,
Эңседим сизде калган бешигимди.

Жарымы чын, жарымы жалган бул
жашоодо,
Жан таштап, чындап күйөр жалгыз өзүң.
Сагындым көзү тирүү болбосо да,
Атамдын сөөгү жаткан таштуу дөңүн.

Балалык тунук доорон кайып болду,
Айым жок, асманымда булут самсыйт.
Үзсөм да кайра агарып чыкчу болду,
Жүрөктү жаралаган, эски ойду.

# КӨҢҮЛ КАЛУУ

Оор күндө жакшы сөзүн аяган,
Күлүп сүйлөп, бирок көрө албаган.
Көңүл калды, көңүл калды абыдан,
Душман өңдүү калыптанган туугандан.

«Сүйөмүн» деп ак сүйүүсүн арнаган,
Батынбаган, элге айтуудан уялган.
Көңүл калды, көңүл калды түбөлүк,
Жакшы көрүп, жандап жүргөн адамдан.

Көздөрүңдөн көрүп туруп көз жашты,
Ичтен ойлоп, кандай кылып алдашты.
Көңүл сууду түбөлүккө муздады,
Карап туруп жанымдагы курдашты.

## БЕЙИШИ БОЛГОН ЧЫГААР

Жалындуу жаз мезгили,
Жаркылдайт көктөмүмдө.
Сагынтып атакемди,
Барактайт өткөн күнгө.

Сайратып булбул кушун,
Багында конуп турган.
Бейиши болгон чыгаар,
Жаркылдап күлүп турган.

Жолунда булак болуп,
Шылдырап агып турар.
Жээгинде ак кайыңдар,
Жибектей желге урунаар.

Ошондой кооз жерге,
Жакшы адам керек болуп.
Башкага ыраа көрбөй,
Чакыртып алган чыгаар.

## АРЧА

Жапжашыл -аппак карлуу кышында да,
Аздектеп атам тиккен жашыл арча.
Түбүндө боз үй жасап ойночу элем,
Сыйкырлуу- кооз эле биздин арча.

Мезгил өттү, убакыт учкан куштай,
Арча жок жашыл эмес баягыдай.
Караган- аздектеген атам да жок,
Ыраңсыз өңү өчкөн байкушум ай.

Ар ким келип, түбүнөн жулкушуптур,
Талашып, эки- экиден урушуптур.
Адамзаттын кылыгына жаны кейип,
Саргайып өңдөн азып курушуптур.

А балким, атамды күтүп ушул арча,
Үмүт үзбөй, мага окшоп жашап келет.
Сен жаша, өмүр жашын сага берген,
Шыбырап мен арчага айткым келет.

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 3586

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана

## АКЫН ЖҮРӨГҮ

Алсыз дебе акындардын жүрөгү,
Нанга жетпей өтөт дебе күндөрү.
Суктанышып Айга, Күнгө, асманга,
Кооздукта өтөт акын өмүрү.

Жүрөгүндө акындардын сүйүү бар,
Жана дагы айта алгыс асыл бар.
Көздөрүңдү кымыңдатып жылмайба,
Акын баркын биле алышпайт,
Сага окшогон жамандар...

# АТАМА

Канча жылдар өттү экен арадан,
Көздүн жашы салаалап куюлган.
Гүл көтөрүп келдим бүгүн бейитиңе,
Турчу атаке, турчу атаке ордуңдан.

Жаз келди, толкунданып сиз жактырган,
Алма гүлү бажырайды бакчаңдан.
Кубанып бак аралап карап чыккан,
Бир гана сизди жоктоп кайгырам.

Томсоруп жатасызбы, дале уктап?
Таарынган адамдарча жер кучактап.
Кайгырып бул жашоонун жалганына,
Атаке кызың турат боздоп- ыйлап.

# КҮЛБӨГҮЛӨ

Турмуштун арабасын тартып да,
түртүп дагы,
Тырбаландап жалгыз өзүм сүйрөп жүрөм.
-Аа байкуш тиги кантет карасаң- деп,
Курбуларым кол шилтешип кытмыр күлөт.

Күлбөгүлө, курбуларым күлбөгүлө,
Тырбаландап өйдө- ылдый түрткөнүмө.
Силерге эмне, жеңил да арабаңар,
Сүйрөтүп алыпсыңар, күйөөңөргө.

Ээй курбулар, оомал- төкмөл дүнүйө,
Оодарылса ыйлап түртүп жүрбөгүлө,
Жакшы сөз бар «күлгөнгө күлө жетем»,
Күлбөгүлө, курбуларым күлбөгүлө.

# АК ХАЛАТЧАН ЖИГИТКЕ

Көздөр көрдүм аруу, таза мээрман,
Өмүр - өлүм ортосунда чайналып.
Турганымда дабаа издеп кудайдан,
Көздөр көрдүм баардыгына тегиз
бирдей караган.

Сөздөрү да, мамилеси өзүнө куп жарашкан,
Жигит турду, жылмайыңкы ак халатчан.
Эң жөнөкөй, эң бир тунук мамиле,
Ооруң менен тең бөлүшүп ойлуу
сени караган.

Ким болду экен, кандай эне бактылуу,
Ак халатчан ушул жигит апасы.
Уулуң турса бийик кесип аркалап,
Апасынын болмок эмес, оорусу да капасы.

# КЫРГЫЗ КАЙДА?

Кыргыз кайда Россияда, Кытайда,
Индияда, Кореяда, Алтайда.
Эмне иш менен эч ким билбейт анысын,
Мазмуну бир бала- бакыра бакканга.

-«Кыргызмын» дейт төшүн кагып бирөөсү,
Анда кана кыргызча ырдап сүйлөчү.
Чыйт түкүрүп күлүп калды ырсайып,
Эх кыргыздар, өзүңө - өзүң күлбөчү.

Кайда, кайда соодасы жок базарда,
Кайда дейсиң, жана да авто бекетте.
Там туң баскан жаш баласын жетелеп,
Кайыр сурайт, нан таап эптеп жемекке.

Болот беле, ынтымакка бек болсок,
Жалкоолукту, бөлүнгөндү токтотсок.
Болот беле тилибизди, динибизди жоготпой,
Эй кыргызым эртеңкини, келечекти
ойлонсок.

## ЖАРЫКТЫГЫМ

Жашым кыркка жетип бара жатса да,
Апам айтат алтын кызым кичинем.
-Эмне болду? кер сар тартып калгансың,
-Таарынттыбы уруштубу ишинден?

Алсаң, кызым жесең нандан, айрандан,
Катып койгом сага жаңы каймактан.
А мен жаман ойлономун ичимден,
Санаа тартып, окууга кеткен баламдан.

Жарыктыгым кечир, кечир
эссиз кызыңды,
Теңеле албайм тырмагыңдын учуна.
Өзүм, өзүм, өзүм деп гана ойлонгон,
Ок атсам дейм жүрөгүмдүн тушуна.

Ошондо да окту тосуп аларсың,
Жан соогалап ажыратып каларсың.
Түбөлүккө баспай, турбай калсам да,
Каймак, майың берип мени багарсың.

Жарыктыгым кечир, кечир
эссиз кызыңды.
Өзүм, өзүм, өзүм деп гана ойлонгон.

## КАЙРАН КЫРГЫЗ

Кайран кыргыз, кабылан кыргыз,
Кандай бир күнгө туш болдуң кыргыз.
Канатын жайып учалбай жүргөн,
Каз, өрдөк сымал куш болдуң кыргыз.
Карысы жашка жол бербей кыйнап,
Бакай атадай акылманыбыз,
Таптакыр эле жок болду кыргыз,
Бийлик, мансапка кол сунуп чуркап,
Жыл айланбай жылмышып түшүп,
Эмнеге мынча кор болдуң кыргыз?
Чет жерден издеп көбүрөөк акча,
Кызгалдак болуп жайнадың кыргыз.
Ачка, ток жүргөн элиңди көрбөй,
Аш- тойду берип жыргадың кыргыз.
Өзүнө- өзүң кол салып анан,
Дүнүйөгө түркүк болчудай болуп.
Чачылган буюм жыйнадың кыргыз,
Асмандан сүйлөп, айгакты салып.
Абыке, Көбөш сен болдуң кыргыз,
Алтының жатса катылып кыргыз.
Чет элдиктерге ырсайып күлүп,
Эмнеге мынча кыйналдың кыргыз?
Жериңди саттың, бөлүккө бөлүп,
Жалкоолугуңду жериңден көрүп.

Манас атадай жол башчы бизге,
Чыгабы кыргыз? Чыдайлы кыргыз!
Же адашып жолдон чыңырып ыйлап,
Ай- талаада калабы кыргыз?
Кайткыныӊ кыргыз!
Биригип элим, биримдик менен,
Ынтымакта жашайлы кыргыз.
Ырыскыӊ качып баратат кыргыз,
Ырыма чындап кулак сал кыргыз.

## РАЙКОМДУН ГҮЛДӨРҮ

Гүл салгычта, салынып турчу дайым,
Буркураган жыпар, жыттуу роза гүлдөр.
Аралап райкомдун алма багын,
Гүл сунчусуң кечинде келген сайын.

«-Билбеймин, ким экенин таппай атам,
Кечээ да гүлдөрдү бүт үзүптүр» - деп.
Кароолчусу апама айтчу эле,
Каарданып кабагын түйүп алып.

Балабыз да, экөөбүз тең аңдабаган,
Сен үзсөң, мен унчукпай кабыл алып.
Жылмайып, көпкө тиктеп эстеп койом,
Райкомдун гүлдөрүн көргөн сайын.

# БАЛАЛЫККА КАЧАЛЫ

Чачты жасап, каранып мен күзгүгө,
А сен күтүп, кыштын ызгаар күнүндө.
Сүйлөшчү элек ким канча баа алганын,
Эч болбосо, эже- агай жөнүндө.

Апам чыкчу, анан бизге кыйкырып,
Ачуу үн менен атымды айтып чакырып.
«Өлдүм эми, кирбейм үйгө качтык» деп,
Кол кармашып чуркачу элек каткырып.

Жылт - жулт эткен оттуу көз карашың,
Дале жүрөт карегимдин түбүндө.
Жүр классташ, качалычы кайрадан,
Балалыктын ошол таттуу күнүнө.

## ТҮШКӨ КИРЧИ, БҮГҮН АТА

Түшкө кирчи бүгүн ата!
Сагынчымды жазайын,
Мээрим толгон көзүң көрүп,
кеңешиңди угайын.
Түшкө кирип бүгүн ата,
чачтарымдан сылачы,
Кызың эми эрке эмес, сагынганда ыйлачу.

* * *

Билесиңби атакебай, өмүр барат
бизден узап,
А мен үчүн адат болгон, түштө
көрүп өзүңдү.
Ошол түштү улам эстеп, каниет
кылып жашамак,
Сагынычты, кусалыкты мына
ушинтип жок кылмак.

## ЭРКЕЛЕГИМ КЕЛЕТ АТА

Эркелегим келет ата, башым жөлөп ийниңе,
Болсом деле, орто жашта-токтолгон.
Ата деген ыйык сөздү айтууну самасам да,
Маңдайыма жазган экен буюрбаган,
айтпаган.

* * *

Кайткыс болуп кеткениңди, мойнума
албай эч качан,
Жыйырма беш жыл аралыгын
өткөрүпмүн арадан.
Ушул арман, ушул көз жаш, ата
эбак соолуган,
Арыла албай жүрөм бирок кусалык,
деген оорудан.

## ӨМҮРДҮН КЫШЫ КЕЛГЕН СЫЯКТАНАТ

Тар жолдо чексиздикти турам карап,
Таалайлуу күндөр, улам узап барат.
Үшкүрүк, ызгаар коштоп чыгат дагы,
Үндөшүп кышкы кечке бубактанат.

Кап аттиң, кол жуудумбу? бир өмүрдөн,
Кайра бир толгум келет түгөнүүдөн.
Каякта, кайсы жолдо жүрөмүн мен,
Каякта мен издеген асыл дүйнөм.

Кыш кетет, билем жазда бирок эми,
Муз ээрибейт окшойт менин жүрөгүмдөн.
Окүнүч, ызгаар болуп тоңуп абдан,
Омүрдүн кышы келген сыяктанат.

# ЭЖЕМ БАР

Эжем бар, эркелеген адамым бар,
Эстээрге өткөн күнгө балалык бар.
Бирок аттиң экөөбүздү бөлүп турган,
Турмуш- деген татаал жолдор аралыктар.

Жана да түнү менен шыбырашкан,
Түгөнбөгөн айтып бүткүс жаңылыктар.
Уяга куштар сымал кайтып келген,
Үзүлбөгөн учу уланган сагыныч бар.

Эжем бар кайрылбаган канатым бар,
Бирок аттиң бөлүп турат аралыктар.
Отсөк да эки башка жолдор менен,
Сагынышып, кайтып келээр уябыз бар.

# КЛАССТАШТАР

Биз анда мындай эмес, башкача элек,
Тентек элек, эссиз элек, байоо элек.
Тынч олтурбай сабактан чурулдашып,
Окшоштуруп, эже- агайга ат койчу элек.

Биз анда жомокторго куштар элек,
Аңырдай ачып алып, оозубузду.
Берилип тыптынч болуп угаар элек,
Бугу эненин мүйүзүн сындырганда,
Көзүбүзгө жаш алып, ыйлаар элек.

Классташтар чогулалы кайрадан,
Биз окуган ошол мектеп алдында.
Эже –агайга татыктуу ат койолу,
Ыраазычылык билдирип биз аларга.

к.

## БИЛБЕПТИРМИН

Айырма жок күнбү, түнбү? мен үчүн,
Каталыкта өтүп кетти өмүрүм.
Билбептирмин, адамдардан түбөлүк,
Дагы- дале үзүлбөптүр үмүтүм.

Кыйынчылык түшкөн кезде башыңа,
Билбептирмин, досуң душман болорун.
Кемчилигиң айтып ошондо табалап,
Билбептирмин, кытмыр күлүп койоорун.

Убактысы ушунча тар сен үчүн,
Убарада болгон өңдүү калп эле.
Билбептирмин азап чегип турганда,
Суу бүркөт деп аппак тунук сезимге.

Карайлаган тагдырдын тар жолунда,
Билбептирмин түртүп сени кетерин.
Адам болуп, калсаң эгер көрүнүп,
Көтөрүнүп учурашып келерин.

Билбептирмин, билгим келбейт,
билбеймин.

# ЖАМГЫР

Жамгыр жаады, көз жашка окшоп,
Тынбай ыйлап, шолоктоп.
Менин дагы көздөрүмдө,
Көз жаш турду мончоктоп.

Неге эстеттиң, өткөн күндү,
Жана эле турдум эле көңүлдүү.
Сен ыйласаң кошо ыйлап,
Өткөрүпмүн нечен ачуу өмүрдү.

Менин көңүлүм кирсиз таза,
Дал өзүңдүн тамчыңдай.
Бирок гүлү, соолуп барат,
Жазды күтүп ачылбай.

Сени менен тартып оор кайгымды,
Сени менен мен узаткам атамды.
Сени менен таарынышып табышып,
Айтчу элем жүрөктөгү арманды.

Сени менен жолдо жүрүп,
Таптым эле сүйүүмдү.
Эми жамгыр достоштурчу,
Ачык асман күнүңдү.

## ЭСКЕРМЕ

Кеткен жокпу курбум менден каталык?
Анда неге бейтааныштай алыстадык.
Жүрөгүмдүн тереңинде сагыныч бар,
Келчи курбум, сагынычты жазалык.

Олтур, курбум бүгүн кечке сырдашалы,
Айтышалы ичте толгон армандарды.
Укчу мени, мен сүйлөйүн биринчи,
Жаман курбуң жарылгана аз калды.

# БУЮККАН ТАГДЫРЫМДЫН БУРГАНАГЫ

Кичинемде аталуу кыздарга окшоп,
Кичинекей колдорумду мойнуңа ороп.
Атакелеп, эркелеп ойнободум,
Айыкпас, узак оору алдың тороп.

Мурдумдун суусун тартып, колуң кармап,
Алаксытып жаныңда окуп жомок.
Жомогумдун аягына чыга электе,
Алып тынды шум ажал аяган жок.

Сездиңби ата, ай жылдар жаңырганын,
Өрттөнүп, эски мектеп салынганын.
Жана да, туйдуң бекен атакебай,
Саксагайың сени абдан сагынганын.

Бүгүн да, көз жаш төгүп ыйлап алдым,
Ушундай жашык болгон эркетайың.
Кечир ата, кайыгып тозо албадым,
Буюккан тагдырымдын бурганагын...

# ДОСКО КААЛОО

Билесиңби, адамдар бар жаман жакшы,
Оорутат жүрөгүңдү эң жаманы.
Чалынып, бийиктиктен кулап түшсөң,
Кол сунуп, жардам берет ал жакшысы.

Турмушта жаманы эмес- жакшысы бол,
Жеңил болсун тагдырыңдын табышмагы.
Түшүнүп, сага дайым жөлөк болсун,
Жаныңдагы жаркылдаган аялзаты.

# МАХАБАТЫМ!

Жаштыгымдай жалбырттаган махабатым,
Илебиңе алоолонуп жылынамын.
А кокус, бирөө билип албасын деп,
Мен өзүңдү жүрөгүмө катып алдым.

Жашыра албай, сырымды жашыра албай,
Чаччу элем баардыгына чачыладай.
А сени, түйүнчөккө түйүп салып,
Сактайм дедим түбөлүккө каухардай.

Билбесинчи, эч кимиси көрбөсүнчү,
Мөлтүрөгөн суудай тунук махабатым.
Таап алып, таландыга салышпасын,
Бул менин эң акыркы аманатым!

# ЖОЛДОР

Сен экөөбүз бир топ жолду бастык да,
Маани бербей «жашсың» деген какшыкка.
Тикен зымдуу таштак жолду көргөндө.
Абдан шаштык кайра артка кайтмакка.

Кайттык анан артыбызды карабай,
Кол булгалап кош дегенге жарабай.
Көп чалындым, мүдүрүлдүм, жыгылдым,
Жаңылыпмын, мен жашоомдо арман ай!

Уулума айтам, бек тургун деп намыска,
Ачуу чындык туура сөзгө таарынба.
Ошол жолдон көп жетелеп өтөмүн,
Болбосун деп, сага окшош арамза!

## ӨМҮР

Баркын билбей балтыр бешик ырлардын,
Барын сезбей, жоктугуна кыйналдым.
Көмүскөгө таштап коюп жүрөмүн,
Көөдөнүмө толгон далай сырларды.

Мен киммин?.. бул жашоодон эмне издейм?
Неликтен унуттум деп кайра эстейм.
А балким, тагдырымды чаташтырып,
Кайрадан белек кылып ырлар берген.

Жаз келди, отуз беш жаш жадыраган,
Өмүрдүн орто убагы аттиң арман.
Жашоодон көп адаштым көп утулдум,
Эми мен кандай кылсам сени табам?

Токто өмүр, токтой турчу кагылайын,
Жашоодон өз жолумду дааналайын.
Ак дилден, адал иштеп эмгек кылып,
Элимден сыймыктанып бата алайын.

# СҮРӨТ

Бактылуу көрүнөсүң, үй- бүлөлүк
сүрөтүндө,
Өзгөрүү болгон окшойт, мен сүйгөн
көздөрүндө,
Кызганыч ээлеп улам, кыйкырып
алгым келди.
Озүңсүз өтүп жаткан өксүктүү өмүрүмө.

Каралдым туура түшүн, бакытты
тилейм сага,
Бар бол дейм бул жашоодо, бар болгун
тагдырымда.
Сүйөт деп чын дилимден, ишенип
жүргөн элем,
А бирок, ушул сүрөт түшүрдү чоң жарака.

Жүрөгүң анда сенин чечкинсиз
алсыз жүрөк,
Бактылуу болбосоң эгер, көздөрүң
неге күлөт?
Баардыгын төкпөй- чачпай айтып турат,
Жайдары күлүп түшкөн үнсүз сүрөт.

## АГАМ МЕНИН

Арабыздан орду толбой өзүңдүн,
Кайгы муңдун чоң дарыясын кечирдиң.
«Асылбегим келмек да» деп ыйлаган,
Апакемдин күйүтүнө кейидим.

Агам менин, аппак көңүл жан эле,
Тарс-турс эткен катуу сөзү артында.
«Бечарам ай, анан кандай кылмак» деп,
Агам менин, боорукер бир жан эле.

Озүң багып, жетелеген небереӊ,
Дал өзүңдөй кыраан болуп бой жетсин.
Айла жоктон кайрат кылып турабыз,
Агам менин ата ордуна ата элең.

# БОЛСОМ ДЕГЕМ БАКТЫЛУУ

Терезелер тегиз, жарык жана да,
Терезелер кайда гана караба.
«Болсом» дегем эми болбойм бактылуу,
Бакыт болуп бере албасмын сага да.

Сүрөттөгү сүйкүмдүү жан, ким дейсиң?
Аны унуткун, унут мени сүй дейсиң.
Унутушка басып өткөн өмүргө,
Дагы бир өмүр керектигин билбейсиң.

Күтөм дейсиң мен бир сүйгөн адамың,
Көңүлүм келсе балким азыр барармын.
Балким анан барбасам жок баралбайм,
Күтпө, күтпө, күтпө мениаралдым.

# ЭНЕ

Тээ дөбөдө жалгызсырап ээн калган,
Күмбөз турат таш басылып корумдалган.
Өз уулунун колунан шейит кеткен,
Эне жатат уйкусунан ойгоно албай.

«Ардагым кагылайын, жалгызым» деп,
Эне бакты, баласын эркелетип.
«Эстүү жан, эл баштаган адам бол» деп,
Эт майын, өзү жебей катып берип.

Жылдар өттү чырпыктар чынар болуп,
Бойго жетти баласы жигит болуп.
«Жигитмин» деп мурутту койуп алган,
«Чоңойдум» деп арактан согуп алган.

Эненин ак тилеги кара кийип,
Баласы тетир жолго түшүп калган.
Таарынып тагдырына ыйлайт эне,
Таш боор тагдыр, белегиң ушул беле?

Ардактап жалгызымды бактым эле.
Ойгон кыргыз, Күн батып баратканбы?
Оо калайык, ажалыбыз арактанбы?

## БАКТЫМ МЕНИН

Адашып сенде калган бакытымдан,
Аргасыз араң турам айрылуудан.
Ардагым кечир, эгер кечире алсаң,
Мен эбак, башка адамга колум сунгам.

А бирок, жашайм сенин сүйүүң менен.
Армандуу «кандай?» деген үнүң менен.
Өзүмдү - өзүм жектеп кыйнап ыйлап,
Алдыга алсыз кадам таштап келем.

Айта албайм, коштошуудан абдан корком,
Кайрадан сүйүүм - бактым сени ойлойм.
Түбөлүк калып калдың жүрөгүмдө,
Узаткан ошол күнкү караан бойдон.

## КЫЛЫМГА КҮТҮҮ

Күтпөйм эми, сүйбөйм сени тажадым,
Ачтым жаңы тагдырымдын барагын.
Бирок, ошол жаңы ачылган баракта,
Жазылыптыр, сени күтүп жашарым.

Ал баракты жулкуп тытып айрыдым,
Өткөн күнгө келбейт менин кайрылгым.
Барак менен сени тытып жок кылып,
Эртесинде сагынычка кабылдым.

Оңойбу анан жалындаган жаштыкты,
Жалаң гана күтүү менен өткөрүү.
Оңойбу анан, өйдө- төмөн сөз угуп,
Сендеп гана башкаларды жек көрүү

## ЖАЛГЫЗДЫКТЫН КҮЛГӨНҮ

Мени сүйгөн адамзатты сүйбөдүм,
Ал ыйласа, шылдың кылып күлгөмүн.
Жалгыз калдым ээн үйдө акыры,
Караан тутуп, шам чырактын күйгөнүн.

Башка эле, бөлөк эле сүйгөнүм,
Секунд санап минутуна күткөмүн.
Ал келбеди, дал ошондой ыйладым,
Көтөрө албай жалгыздыктын күлгөнүн.

# СҮЙҮҮ МЕНЕН КҮТҮҮ

Бүгүн эмес, унутам деп эртеңден,
Кыялымдын толкунуна термелем.
Колду шилтеп, кайыл болуп баарына,
Анда неге жолугууга келдим мен?

Эсептешпей, намыс менен ар менен,
«Тез жеткир» деп иничектен кат берем.
Сүйүү, күтүү болуп мага башкарма,
Башка эч нерсе кудайымдан тилебейм.

«Унут дешет», мейли ооба эртең дейм,
Ыр жазамын туруп алып эртеден.
Сүйүү, күтүү эки колдон жетелеп,
Дагы деле тажабадым эртеңден.

# МЕНИ ЭСТЕГИН

Кыйналып, жалгыздыктан азап тартсаң,
Алтыным, сен ошондо мени эстегин.
Башың желөп, жаныңда тирөөч болоор,
Сүйгөнүм бар, ал жардамга келет дегин.

Ушак сөз эгер сени уулaндырса,
Арбалып, калп сөздөргө ишенбегин.
Тик карап жалганчынын көздөрүнө,
Ал мени чын жүрөктөн сүйөт дегин.

Ачуу турмуш жүрөгүңдү оорутса,
Чөктүрүп көңүлүңдү кирдетпегин.
Ачууну ачуу менен басат дешсе,
Арактын азгырыгына илинбегин.

# ӨРТТӨЛГӨН СҮЙҮҮ!

Өрттөп салдым барак толо ырларды,
Өрттөп салдым сага деген сүйүүмдү.
Күнөөлүү эмес, махабатым, ырларым,
Өрттөш керек болчу сенин өзүңдү.

Кызыктырбайт бул жашоодо сенин барың,
Кызыктырбайт эми сенин махабатың.
Сага окшогон учуп- конгон көпөлөктү,
Издеп жүрүп мен талаадан табамын.

Эми сени жакшы көрүп эңсебейм,
Көпчүлүктүн арасынан издебейм.
Көздөрүмөн таба албайсын жылуулук,
Мурдагыдай күтөм сени, кел дебейм.

## КАЙРЫЛБА

-«Кош бол», дедиң жүрөк тоңду муз болуп,
Мындай сөздү көрбөптүрмүн ойлонуп.
Ак сүйүүдөн тургузулган пайдубал,
Ортобузда кала берди кордолуп.

Коштошкон соң, козгоп кайгы капаны,
Түшкөн жолдон кайра артка кайтпачы.
Сезиминди көз жаш менен туюнтуп,
Тизе бүгүп миң кайталап айтпачы.

Таарына албайм, тагдырга да сага да,
Күнөө койбойм, өзүмө да жаштыкка.
Бар болгону мына ушундай тыянак,
Биздин жолдор эки бөлөк жактарда!

## КОШ БОЛ ЭМИ ТҮБӨЛҮК!

«Коштошууга келдим» дедиң түбөлүк,
Жүрөгүмдө турганында гүл өнүп.
Кала бердим көз жашымды агызып,
Куурап калган карт даракка жөлөнүп.

Андан бери өттү канча убакыт,
Билинбестен ай артынан жыл агып.
Карт даракка жаңы бүчүр байлаптыр,
Көз жаш менен койгон окшойм сугарып.

# ӨЗГӨРҮЛГӨН БАШКА АДАММЫН АЗЫР МЕН

Жолугарда жолоочудай жол карап,
Кайтаарыңда үнсүз гана коштошом.
Баягыдай байоо мүнөз жоголуп,
Жүрөгүмдө, муздан бийлик орногон.

Сен келбедиң, жаздын жаркын айында,
Муздар ээрип, гүл жыттанган маалында.
Көз жашымды шүүдүрүмгө айлантып,
Күткөн элем ошол жашыл талаада.

Ал талаага жаз, жай өтүп кыш келген,
Көздөрүмөн көз жаш чыкпай киртейген.
Күтүп жүрүп, тартып далай азапты,
Өзгөрүлгөн башка адаммын азыр мен.

## КЕЧИРИП КОЙ

Кечирип кой, мен сүйүүдөн тажагам,
Жаздыгыма башым катып, далай жолу
ыйлагам.
Унутулду, ошол күндөр мезгил болуп
дарыгер,
Жалаң гана арман көз жаш арнаган.

Кечирип кой, мен күтүүдөн тажагам,
Келбей калсаң, кабак түйүп улам
жолуң карагам.
Жарың болбой сени күтүп, күйүп
жанып алыпмын,
Маңдайыма жазылган деп тагдырдан.

А азырчы?, түгөйүм бар
жадыраган- жайнаган,
Ар бир күнүм шаңга толуп, чоң
майрамга айланган.
Кечирип кой, сүйбө мени жолум
карап күтпөгүн,
Сенин дагы маңдайыңа мына
ушундай жазылган.

# КАЙТУУ

Асманда куштар учат ойкуп- кайкып,
Жол жоктур бара албасмын сага кайтып.
Ушинтип күн өткөрүп жашай берем,
Буйруксуз тагдырыма наалат айтып.

А сенчи, сен да балким мага окшоп,
Уйкусуз далай түнду өткөрдүңбү?
Арбалып ушакчынын калп сөзүнө,
Унутуп, көргүң келбей жек көрдүңбү.

Сени ойлодум, бирок түшкө кирбедиң,
Мөлт эттирип көздөн жашты ирмедим.
Озүмө- өзүм кылсам дагы, а бирок,
Таш боорсуң деп тагдырымды тилдедим.

## ЭМНЕ КҮТӨТ АЛДЫДА?..

Эмне күтөт алдыда? балким таттуу, ачуудур,
Таттуусуна сүйүнүп, эч капарсыз күлөөрсүң.
Ачуусуна көз жаш төгүп, акырындап көнөрсүң.
Эмне күтөт алдыда? алдыдагы кызыктыр,

Жашоо ушул өтө берет өз нугунда,
Биз жашайбыз, көнүп ачуу, таттуусуна.
А жашоо - дарыя сымал агып барат,
Ташка уруп, кайра алып толкунуна.

## МЕНИН ЖАШООМ

Өрүкпү деймм, татаалданып бүрдөгөн,
Же даракпы, бариктери күбүлгөн.
Кабак бүркөп калса дагы көңүлүм,
Жашоо сенден дале болсо түңүлбөйм.

Көпкө умтулдум, бирок азга жетпедим,
Тагдыр сага жаман айтып жектедим.
Эртеңкиге үмүт менен көз салып,
Түбөлүккө таштай качып кетпедим.

## АПАКЕМ

Апакем ай, эт жүрөгүң элжиреп,
Чарк айланып, кызыл кылып чай демдеп.
Жашың төгүп кейибечи апаке,
Байкуш кызым, бактысынан тайды деп.

Жашайт адам, бактысы үчүн күрөшүп,
Калгычакты жашоо күнү түгөнүп.
Бул жаңылуу бактыдан эмес апаке,
Асман гана турат бир аз түнөрүп.

# А БАЛКИМ

Кайгырсам, капам бөлүп турар белең?
Сүйүүнүн пайдубалын курар белең?
Адашпай тагдырымдын тар жолунан,
Жолугуп, жоогазын гүлүн сунар белең.

Болбосо, сыртын салган көп сыңары,
Баш ийкеп амандыгым сурар белең.
Суктанып көзгө, кашка, сулуу жүзгө,
Жөн гана, күндүк сайран курар белең?

## САГЫНУУ

Мына бүгүн бейитиңде турамын,
Келдим ата айтып сага саламым.
Жүрөк ыйлап турса дагы муңканып,
Ыйлабадым, көзүмө жаш албадым.

Уктуңбу ата, эми мен ыйлабаймын,
Ушул көз жаш, ушул ыйдан тажадым.
Мейли жүрөк өмүр бою сыздап өтсүн,
Билдим эми, ыйдан пайда таппасым.

Келип турам, атаке күн алыстан,
Арыла албай койдум го сагынычтан.
А сен болсо, үн дебей тосуп алып,
Узатасың кайра эле унчукпастан.

# МЕРЕЗ ЖҮРӨК

Мерез жүрөк, мерездиктин айынан,
Мен сүйүүнүн азабына кабылгам.
Колун сунуп турса дагы сүйгөнүм,
Эмне себеп кол берүүдөн айбыгам.

Кекчил жүрөк кекчилдиктин айынан,
Кер-мур айтып, өткөн күнгө кайрылам.
Өмүр кыска, кекчил болбойм десем да,
Эмне себеп, кайра баштан кайрылам.

Назик жүрөк, назиктиктин айынан,
Ар ким жулкуп, үзүп алды сабынан.
Байкуш жүрөк акырында соолуду,
Мерездикке, эми минтип айланган.

## КҮНӨӨЛҮҮБҮЗ!

Эркелеп мурдагыдай, ийниңе башым
жөлөп,
Шыбырап айткым келди
Сени эчким сүйө албастыр
Алтыным менден бөлөк,

А бирок, куру намыс жетелеп алда кайда,
Калтырап көпкө туруп сөздөрдү
айттым башка,
Анткени экөөбүз тең, бүлөлүү- эки жакта,
Көрмөксөн болуп койдуң

Көзүмдөн аккан жашка.
Жүрөгүм согуп, сокпой кадамым
жылбай алга,
Күнөөлөп ал ар кимди,
Коштошпой тура бердик.

Чынында ойлоп көрсөң, туруктуу
боло албаган,
Күнөөлү өзүбүзбүз,
Куйулган көз жаштарга!

## КАЙРЫЛУУ

Баш чайкап, миң аракет кылган менен,
Акырындап бул күндөр кайып болот.
Көңүлдүн назик гүлүн көкөлөтүп,
Сен мага бир жолугуп койсоң болмок.

Үн катпай, кыңырылып ичтен сызып,
Ыр жазып, жакпай калса кайра тытып.
Өзүмчө чоң түйшүккө түшүп алдым,
А күндөр өтүп жатат, бирден жылып.

Сен андан махабатты таппай калып,
Келээрсиң кайра өзүмө салам айтып.
Баардыгы кеч болоор, бирок абыдан,
Жаштык дагы кетер бизден алыс качып.

## ЖОМОККО ОКШОШ

Мүрөк суудай ак чыныга мелт - калт толгон,
Алтыным, мен өзүңдү дайым ойлойм.
Бул сүйүү - убактылуу болсо эгер,
Кала берер мен үчүн жомок бойдон.

Өтөт күндөр, бири- бирине абдан окшош,
Мен эмес, башка бирөө сага жолдош.
Кыялымдын кучагында миң термелем,
А бирок, ал кыялым жомокко окшош.

# КЕЧИГҮҮ

«Кечиктим» дедиң, кечирим сурап
жылмайып,
Жарашып турду жүзүңө ошол жылмайуу.
«Жок» дедим ирмеп карекке катып
көз жашты,
Жазылып кетти, жыйылып
турган тарынуу.

Неликтен билбейм, ар күнү арбап сен мени,
Алдастап дайым, токтото албай сезимди.
Турмуштун жолу ушунча татаал болсо да,
Сезимим сага андан да күчтүү жеңилди.

Барктай албаймын бал татыган сүйүүңдү,
Кылчактап артка өткөргөн ар бир өмүрдү.
Кечиргин мени - чечкинсиз алсыз адамды,
Тагдырымдагы дагы бир жолку кечигүү.

# ҮМҮТ ЖАНА СҮЙҮҮ

Байкуш үмүт, бүлбүлдөп чырак сымал,
Жанымда караан болуп күйүп турду.
А сенин, суук сөзүң шамал өңдүү,
Ыркырап катуу үйлөп жалп өчүрдү.

«А балким, балким» деген байкуш үмүт,
Кайрадан элес - булас пайда болуп.
Кой эми чыда жаша балдар үчүн,
Жетелеп бара жатты, ойду бөлүп.

«Жок» деди анда сүйүү каршы чыгып,
Жашоого бир жаралган адамзатсың.
Түбөлүк жемесинде калгычакты,
Өмүрдүн көргүн деди ырахатын.

## МЕН ТҮШТҮКТҮН БҮЛӨСҮ

-«Түштүкпү?» деп ырсайып күлбөчү,
«Өзүбүздөн чыкпадыбы бирөөсү»...
Ушунчалык тайыз белең, тар белең,
Жетпей калган мышык сымал мүдөөсү.

Таңдан кечке эмгек менен тынбаган,
Берекенин, молчулуктун бир өзү.
Сиз, биз дешип ар убакта сыйлаган,
Татынакай мен түштүктүн бүлөсү!

# КЕЧТИМ СЕНИН СҮЙҮҮҢДӨН

Сүйөм дейсиң, сүйрөлүп күтүп жүрөм,
Кыялыңа, азабыңа түтүп жүрөм.
Мен дагы өзүң сымал адаммын го,
Күтө берип биротоло тажап бүткөн.

Мээримиңе оронуп гүлдөй болуп,
Үйүбүзгө келип турса жазгы көктөм.
Эх анда, чарк айланып турбайт белем,
Ар убакта, «алтыным» деп беттен өпсөң.

Жашоого бир жаралган пендебиз го,
Тирлик менен алпурушуп күндөр өткөн.
Жылуулукту сезбестен жашап келем,
Койо берчи, кечтим сенин сүйүүңдөн.

# РАЙМАЛЫГА БЕГИМАЙДАН

Сагынсаңыз бийик тоолу айыл кечин,
Жаңырык болуп сизге угулайын.
Жайлоонун салкын соккон жели сымал,
Агажан маңдайыңдан мен сылайын.

Жыпар жыттуу кызгалдактар талаасынан,
Мен барам ошол гүлдөр арасынан.
Сый урматтан жасаган мамилемди,
Агажан өзүңүзгө тартууласам.

Жашоодон таппай жүрөм аруулукту,
Суранам, кайтпасаңыз махабаттан.
Домбрасын колго алып, өлөң айткан,
Бул ырым Раймалыга Бегимайдан.

## СЕН МЕНДИК БОЛЧУ

Сен мендик болчу
Суранам сенден кайрылып,
Жашоодо болот - өкүнүү дагы айрылуу.
Муз болуп турам-жүрөгүм сокпой
ылдамдап,
Сен мендик болчу,
бөлүшүп шаттык кайгымды.

Сөз кылсын адамдар,
баарына жаным кайылмын,
Жашоомду бүтүн - өкүнүч ээлеп алганда.
Не кылам анан, жолуктурса
мени тагдырым.
Сен мендик болчу,
кечиккен тунук ак сүйүүм.

## СЕНСИЗ ДЕЛЕ

Сенсиз деле өмүр өттү,
Жашоом болуп көңүлдүү.
Көзүң карап, күүп кагып жакаңды,
Өткөрүпмүн канча сонун өмүрдү.

Сенсиз деле, курсагым ток, дүнүйөм түгөл,
Сенсиз деле, болдум сулуу, сүйүктүү.
Сендеп жашап ыйлап, сыздап, сага арнап,
Кор кылыпмын, аппак тунук сүйүүмдү.

Бирок аттиң, кайда, кана, таап берчи?
Бырчыланган, үбөлөнгөн, кор болгон,
Эскертүүсүз бир берилген өмүрдү.
Татынакай жаштык кезди, сүйүүмдү

# САГА

Чалындым махабаттын тузагына,
Жүрөгүм үнсүз ыйлайт болуп ыза.
Ортү жок, бирок ичтен күйүп барам,
Коштошпой кеткенимде алыс жакка.

Мезгил өтүп, качандыр бир кездерде,
Атымды угуп мени эске аларсың.
Мен жөнүндө сөз кылса эгер жубайың,
«Таанıбайм» деп, миң кайталап танарсың,

Мен теңиме, сен жарыңа калп айтып,
Акырында жашоо үчүн көнөрбүз.
Сүйүүбүздү танып жүрүп өмүрдөн,
Эки башка жолдор менен өтөрбүз.

## КЛАССТАШЫМ

Кош классташ, коштошомун сен менен,
Биз кетебиз эки бөлөк жол менен.
Кыйналбагын, сезимимди билгизе албай,
Махабатка али жашпыз экөөбүз тең.

Айлар, жылдар жашоо биздин алдыда,
Башыңды ийбе, махабатка багынба.
Бул күндөрдүн баардыгы унутулуп,
Жолугасың, менден бөлөк татынакай
бир кызга.

Жандап баскан түгөйүм бар жанымда,
Сенин дагы келинчегиң татына.
Учурашып сүйлөшүп классташча,
Эми биз жолугабыз он жылдыкта.

## ЫЙЛАБА, АРЗЫБАГАН СҮЙҮҮ ҮЧҮН

Токтобой тып, тып тамып көздүн жашы,
Мынчалык айтчы курбум ким таарынтты?
Махабат азабыбы? сени ыйлаткан,
Карагат көздөрүңдү жашка чайган.

Жок курбум, сен ал үчүн ыйлабачы,
Арзыбайт, ага кеткен көздүн жашы.
Жаа жасап, мен колуңа жебе берем,
Ойлонбой сен сүйүүнү атып салчы.

«Мен сүйбөйм мени сүйгөн жетсин» деген,
Айтчы курбум ошол сөзүң кайда калды?

## БИЗ БӨЛӨКПҮЗ!

Биз бөлөкпүз, эки башка тоолордой,
Унут мени куру бекер ойлонбой.
Мезгил өтүп жолугушкан кездерде,
Качанкы бир, таанышыңдай карап кой.

Мен жөнүндө сөздөр болсо ортодо,
Суранамын эч бир укпа ойлонбо.
Эгер сенин ак сүйүүң чын болсо,
Жек көрүп, махабатты кордобо!

## ЖОЛУГУУ

Жолуктуң козгоп кайгы, өткөрүп көп
жылдарды,
Жабылган ыр дептердин, ачылды ак
барагы.
Жүзүңөн күлкү качып, көңүлүң
неге чөккөн?
Менде үмүт болгон эмес, болсо да
эчак өчкөн.

Сүйгөмүн аным чындык, карабай
намыс- арга,
Тайгаланып калдым бирок, тагдырдын
муз жолунда.
Окунуп калсаң эгер, өмүргө өксүк кылып,
Алтыным айтчы неге? жол
бердиң коштошууга.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ

Сен жөнүндө жазып ырларда,
Сен жөнүндө батам санаага.
Окшоштурам кээде өзүмдү,
Апендидей болгон убара.

Ал күнү мени эстеп,
Санаага баттыңбы?
Бир баскан көчөдө,
Жалгыздап бастыңбы?

Кайрылып келбейт ко?
Кайрадан ал күндөр,
Өтөбү ушинтип?
Билинбей өмүрлөр.

## БОЛДУҢБУ АШЫК?

Чын эле бир көргөндө болдуңбу ашык?
Же мен үчүн бул жөн гана сынагандык.
Кечирип кой, эгер сөзүм катуу тийсе,
Сен ырдаган махабатың боло албаймын.

Боло албаймын, сен ырдаган махабатың,
Жаның сабап неге мынча кыйналдың.
Суранарым «жашсың» дебе күнөөлөп,
«Билбейт», дебе махабаттын азабын.

# КӨҢҮЛ КАЛУУ

Көңүл калуу болсо дагы өзүңдөн,
Сенсиз жашоо мага кыйын сезилген.
Чыга албастан чырмалышып келемин,
«Ажырашкан» деген элдин сөзүнөн.

Арадан айлар, жылдар өткөн кезде,
Окүнүү калаар сенин сезиминде.
Ата- эне бактысынан ажыраган,
Убалы наристенин айтчы кимге?

## КҮТҮҮ

Күтүүдөн жабыркадым жыл толгонсуп,
Сүйүүнүн эрксиз кулу мен болгонсуп.
Убакыт өчөшкөнсүп эч бир өтпөйт,
Ай- аалам такыр жылбай токтогонсуп.

А балким, күтүү мени аягандыр,
Арачалап ортодогу жашты санап.
Кетебиз, бирок сүйүү арман тура,
Экөөбүз эки башка жолду карап.

## ТҮШ

Көп жылдар өттү, ооба кусага
баттым абдан,
Жарылчудай, араң турам жан
ооруткан сагынычтан.
Шумдук ай, окшоштукпу өзүңдү
көрдүм кайра,
Жаныңа басып барып мен сага учураштым.

Көздөрүң, күлгөнүң да, ал тургай сөздөрүң да,
Баары окшош, өзүңө каптап койгон.
Коркунуч бийлеп турду, жоготуп
алсам кайра,
Билсем да тура бердим, сен эмес
бөлөк башка.

Арбалып сөздөрүңө, олтурдум
күлсөң күлүп,
А бирок, жүрөгүмдө жалын- от
турду күйүп.
- Сагындым - дедиң анан койдумбу
көп күттүрүп,
- Жок - дедим намыстанып, башканы
жүрөм сүйүп.

Мына эми жолугуштук, ай - аалам
кезели деп,
Шыбырап айтып жаттың сезимдер
күүсү бийлеп.
Кол сундуң, колум жетпей кушка
окшоп учуп кеттиң,
Бакырып ыйлап жаттым, же түшүм
өңүмбү деп.

- Эй чоң кыз ойгон, ойгон! селт этип
көзүмдү ачтым,
- Оорулу эмессиңби? түштө да
ыйлайт бекен?..
- Кечиргин, кечириңиз калп эле
ичиркенип,
- Токтотуңуз, ушул жер жеттим...- дедим.

Жүгүмдү алып берип,
Узатып калды тиктеп.
Бейтааныш таксист жигит.

## ДОСТУК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Достук эмне? өзүм дагы түшүнө албайм,
Мактап, жактап мен сенчелик
кыйтырланбайм.
«Досум» деп ички сырын төгүп чачса,
«Бырс» этип мен сенчелик күлө албайм.


Коздоп, айтып жаттың достукту,
А бирок, бир да сөзүң окшошподу.
Кереги эмне, чын жүрөктөн чыкпаган соң,
Достук деп сүйлөй бериш ойду, тоону.

## АПАМА

Түйшүгүн тартып баланын,
Өткөндүр апа жаш чагың.
Ойлонуп жүрүп түшкөндүр,
Өрүлгөн кара чачтарың.

Эстебе апа өткөндү,
Ыйлата көрбө жүрөктү.
Эстесең мейли эстегин,
Бактылуу гана күндөрдү.

Бозоро түшөт жамалым,
Көргөндө аппак чачтарың.
Ойлонто бербей апаке,
Токсондон аша жашагын.



# ОКУЛБАГАН КАТТАР...

*Ырларымдын агылып келиши, ата, сизге*
*кат жазуумдан башталды*

*Кат менен бирге ырларым да пайда болду. Бул менин жашоом, арманым, кубанычым – сизге жазган кат артындагы ырларым. Бирок, ал катым окулбаган боюнча жылдан- жылга уланып жазылып келди.*

*Сиздин бул өмүрдөн кош айтышканыңызга туптуура жыйырма беш жылдын аралыгы болуптур.- Арман ай, ушул сизге жазылган саргайган барактарымдагы каттарды алып, күзгү нөшөргө карабай бейитиңизди көздөй бет алдым.*

*Өмүр китепчесин барактасаң өксүгөн өкүнүч, шаттык кубаныч, кайгы- капа баары эриш аркак өтөт тура, мына кайрадан эле күз келди. Бутка илээшкен саргайган жалбырактар шуудурап, асман жарым жартылай түнөрүп, мейли мезгил өз доорун сүрө берсин...деги биздин жашоого күз келбесинчи деген ой менен сизге карай бара жаттым.Бир кезде айыл сымал жайгашкан бул дөңсөөгө келүү, мен үчүн азапка тураар эле. Анда сиздин бейитиңиз ошол айылдын чекесинде гана жайгашса, азыр ортолоп калыптыр, ата. Жүрөгүм ооруп, жүзүмдөн ылдый куюлган жаштар токточудай эмес, билесиз да ата, бул менин адатым. Түнөрүп алган асман өз кыялын көрсөтүп менин көз жаштарым сыяктуу, нөшөрлөп жамгыр төгүп кирди.Буулугуп турган жаным, жамгыр кандай төксө мен андан ашып бакырып ыйлап*

*жаттым... Эсиңиздеби ата? Анда мен алты же жети жашта болсом керек, күздө жамгыр дал ушундай төгүп киргенде нары- бери чуркап ойносом*

*«-Кантет, саксайган жаман кыз, кир үйгө» -деп, а мен болбой каткырып чуркасам жылмайып мени карап, эки колуман бекем кармап, чимирилтип айлантканыңыз...*

*Жүз сыздаган көңүлүмдү бир эмдейм,*
*Жамгырдагы атам менен шарданмын.*
*Ошол күнү мен кайгыга ишенбейм,*
*Мен ишенбейм, бар экенин армандын.*

*анан койо берип, оорун калат экен эми дегениңиз ээ азырчы? саргайган барактардагы сизге арнап жазган каттарымды уучума бекем кармап алып, боздоп ыйлап турсам да, сизден үн сөз жок.*

*Келип турам атаке күн алыстан,*
*Арыла албай койдум го сагынычтан.*
*А сен болсо үн дебей тосуп алып,*
*Узатасың кайра эле унчукпастан.-*

*деп шыбыранып, бейитиңдеги ташка чөгөрүлгөн сүрөтүңдү сүртүп кирдим.*

*Жанымда менин арылбас арманымды тең бөлүшүп, саргайган баракчалардагы окулбаган каттарым жаан алдында сууга чыланып, чачылып жатты.*

***Атаке!***

*Нариcте кыялымда сага эркелеп, башымды тизеңе коюп, балалыгымдын көкмөк асманындагы ары-бери удургуп көчүп жаткан булуттарды карап тат-*

*туу- таттуу кыялдарга баткым келет, а бирок сен жоксуң да кантем ата?*

*Мени эми, саксагайым деп ким эркелетет? Кайда карабайын суз... күлкүнүн бир дагы жышааны жок көздөр, сеникиндей мээримдүү көздөрдү таппай алдастап келем.*

*Жашоом караңгыланып, баардык нерсеге кызыгым жок ата.Жок дегенде, эми сени менен ушинтип кат аркылуу сүйлөшүп турайынчы, ошондо гана менин жашоом бир аз да болсо өзгөрүлөбү дегеним го...кызыктуудай сезиле баштады. Минтип кат аркылуу сүйлөшүп болгон жаңылыктарды айтып турам атаке!*

*1992- жыл*

*Атоо!*

*Ата биз чоң имараттан окуй баштадык.Бирок болбой эле чубашып, Жеңиш(Чеңгелов) агайыбызга бара беребиз.Озгөчө мен байма бай каттап турам-.Агай сиздин ордуңузду көп жоктотпой мага атадай мамиле жасайт.Бирөө капа кылса агайымдын классын көздөй бет алам.Класстын эшигин тыкылдатам да, жооп күтпөй эле-«агай караңызчы, мени баланча түртүп кетти же болбосо дептеримди алып алды»- деп арызданып кирем- анда агай көрүп атасың мен бошобой атам- деп койсо деле болмок да .Менден кетсе да, кетпесе да, менин ойум менен «кана көрсөтчү? ким ал?» деп, алдыма түшүп алып мага болушуп жөнөйт.Мен ан сайын айланадагы окуучуларга мактанып, үнүмдү бийик чыгарып арызданып алам.Жеңиш агай болбогондо мен сиздин жогуңузду саат сайын жоктоп турмак экемин. Бар болуңуз, Жеңиш агай!*

*1992-жыл.*

*Атоо!*

*Сизге жазган катымдын баары жоопсуз калат, аны да билем.Бирок мен жалгыз сиз менен гана сырдашам.Ата, бүгүн бизге кол эмгек сабагы кирди.Гүлбү эжеке аябай сүрдүү, кыздардын баары андан аябай коркушат. Анын жанында ийне саптай албай колдору калтырайт, а мага эжеке башкача мамиле жасайт. Мээримдүү, жумшак дайыма өзүнө эркелетип чакырат да, чекемден сылап өзүнчө үшкүрүнүп койот. А мен анын сыры эмнеде экенин билем мени «байкуш атасын сагынып жүрөт, кичинекей да» - деп ойлойт окшойт, ата. Эжеке экөөбүз андайда көздөр менен гана сүйлөшөбүз:*

*«- Атаңды сагындыңбы?» - дейт ал*

*«-Ооба» - дейм мен көзүмө жаш тегеренип баратканда, ал менден көзүн ала качат да, баягы сүрдүү калыбына келип, башка кызды фамилиясынан айтып чакыра баштайт. ...*

*1993-жыл. Октябрь.*

*Атаке!*

*Ата кечээ түндө да сиз түшүмө кирдиңиз, райком жактагы бурулушта автобус күтүп отургам, автобус келип токтоду, ичинде аккардеон тартып ырдашкандар бар экен.*

*Көп эл, мен да ага түшүп алдым. Автобус кичине жылгандан кийин карасам жалаң эле өлгөн кишилер. Арасында сиз да барсыз, анан сиз мени көрө калып автобусту кыйкырып токтоттуңуз да, бирдемелерди айтып мени чыгарып жибердиңиз, а мен болсом бакырып ыйлап арканыздан ээрчий чуркадым. Оз үнүмдөн чоочуппу, айтор ойгонуп кетипмин түшүмдөн, көл- шал болуп тердеп калыпмын.-*

*Апам жан соогалап жанымда ыйлап отурат. Менин ооруп жатканыма жыйырма бир күн болуптур. А мен кайра көзүмдү жумуп түшүмдү кайталап көрүп, автобуска түшүп сиз менен кетким келди, бирок апамды аядым.*

*1993-жыл*

**Атакебай!**

*Атоо сизди аябай сагындым. Мугалим- жакшы кесип ээ ата? Бизге алгебрадан Жайнак(Моңкоев) агай берет, сиздин окуучуңуз беле? Мугалимдердин баары сизди сыйлашат а мен ансайын сиз менен сыймыктанып, мактанып калам.Агайдын бою узун киши эмеспи, бүгүн доскага текшерүү иштин тапшырмаларын жазып жаткан, күбүр- шыбыр болуп атсак, бурулуп туруп үндөр чыгып жаткан жакты бор менен урду эле баарыбыз тең партага жабышып жата калдык. Ата, мен үлгүрүп калдым болбосо азыр чекем томпойуп олтурмакмын...*

*Эч нерсе болбогондой, ал кайра эле башка бор алды да жаза баштады.Баарыбыз тең үнчүкпай калдык, чымындын гана үнү угулуп турду.Бирок Жайнак агай да мага жакшы мамиле жасайт, Артисбек деген классташым алгебрадан күчтүү.Ал башка катарда, мен башка катарда отурам. Кээде маселе чыгара албай калсам «ме, көчүрөсүңбү» - деп, мага чыгарып берет. Бирок, мен намыстанам да, катарымдагы кыздарга берем. Анткени, кыздар мага ишенишип, баары тең мен олтурган катарга олтуруп алышат. Агай текшерүү ишти эртеси алып келди да, сабактан чыгып баратсам - «Гулай токточу бир жерден ката кетирипсиң. Башкалар көчүргөнгө туура чыгарып берипсиң да, өзүң эмнеге туура эмес жазып койгон-*

*суң?» - деди. А мен болгонун болгонундай айтайын десем, мага ишенчүдөй эмес.Ошондо да беш койуп койуптур-Ата сиздин кадырыңыз үчүн бул баа мага эмес, сиздин окуучуңуздун сизге койгон баасы го деп ойлодум....*

*1995-жыл. ноябрь.*

## *Каралдым ата*

*Мен сизге кат жазып эле жатам, жазып эле жатам... жообуңуз жок да ата? Бүгүн экинчи күн биология сабагынан Жумагүл(Жабуева) эжеке берет.Сабакты аябай так, таптап айтып түшүндүрөт.Угуп олтурдук.Инфузория туфелька жөнүндө түшүнүк алдым, регенерация кескелдирик куйругун кесип койсо, кайра пайда болоорун угуп, эжекенин көңүлүн алып конспектилеп жазып койуп олтурдум.*

*Бир маалда ал какшык кошуп айта баштады.*

*Себеби, биз тынч олтурбай өз ара кужурашып жатканбыз. «Мына балдар, витамин жетишпей, калгандын кесепетинен кээ бириңер кичинекей болуп, а кээ бириңердин бойуңар узун болгону менен мээңерде эч нерсе жоок» деди эжеке, сабакты түшүндүрүп бүтүп: Кимде суроо бар? - деп кайрылды.Менде деп кол көтөрдү Чыңгыз, «эжеке бизге витаминдер жетпей калыптыр- туура, ошондо сизге да жетпей калабы?» Баарыбыз тең күлүп калдык.-Эжеке көз айнегин ылдый түшүрүп жылмайып тиктеп турду да, башын чайкап, журналын алып чыгып кетти.*

*Ушундай ата, бүгүнкү сабактагы жаңылык.*

*1994-жыл.*

*Атаке*

*Ата, сагындым сизди. Ата сени эстеп ыйлап жатып уктап калыпмын. Эртең менен сабакка шишип бардым. Эч нерсеге көңүлүм жок, бирөө бирдеме десе эле ыйлаганы турам. Мирлан класссташым: «эмне көзүң шишип калган, ыйлагансыңбы?» деп сурады. Ооба атамды сагындым деп ыйлап ийдим-ал элеңдей эки жагын каранып – «болду эми башкалар көрсө мени сүйүп калып ыйлап жаткандай болуп калат экенсиң» - деди. Иий ары жок сениби! - деп бурулуп кеттим. Ал күлүп олтуруп калды.*

*Сабактан тарап жатканда Мирлан партама токтоп, мага кат сунду*

*– Сен эле дейсиңби атасын сагынган, мен дагы сагындым атамды, кантели айла жок экен ыйлаба атаң, тиги дүйнөдө болсо да кыйналат, сезет деп айтышат» Ушунча күлүп- жайнап эч нерседен капары жок жүргөн баланын дагы сезиминде атасына болгон кайгысы, сагынычы, кусалыгы жатканын билип аны сыйлап калдым. Мурда ал сүйлөсө эле «ырсалаңдабачы!» деп кага берчүмүн. Ата, адамдарга жакшы, жылуу мамиле жазаш керек тура.*

*Ата, сизди ыйлай берип кыйнагым келбейт.*

*Атакебайым!*

*Сизге бүгүн катты сабактан жазып олтурам, бир саат бою мугалим бизге кирген жок бошпуз.Биринчи саат география сабагы кирген. Ырсалы(Мамбетжанов) агай кошунабыз берет. Агай сабакты аябай кызыктуу өтөт. Географиядан түштүк Американы жана андагы сууда өсүүчү өсүмдүк виктория жалбырагын өттүк. Агай сонун түшүндүрүп берет. Указкасы менен доскада илинген картадан*

*түштүк Америка кайсы жерде жайгашканын көрсөтүп жатып-«мына балдар, бул сууда өсүүчү виктория жалбырагынын кыз жигит үстүнө чыгып алып бийлешсе да көтөрөт »деди агай.Анда Мирлан агайга:-агай виктория жалбырагын бизде өстүрсө болобу? Гүлай экөөбүз туруп алып бийлейт —элек да дегенде.Агай Мирланды ойлоно карап туруп-:жок, сенин колуңан бака жалбырак гана өсөт- деди. Баарыбыз каткырып күлүп жибердик...*

*Сабактагы болгон жаңылыктардын калганын эртең жазам ээ ата.*

*Ата!*

*Ата бүгүн орус тил сабагынан эки класс кошулуп өттүк. Эркин(Ясынова ) эжеке аппак сулуу дайыма жакшынакай болуп жүрөт, мени көп эркелетет.Ата, эжекенин классына которулуп алайын десем классташтарым анан да өзгөчө балдар мени« саткын» деп жаман көрүштү.Класс жетекчибиз жокто мен анын иштерин аткарып жүрүп, көнүп алышыптыр, мага дагы эжеке керек, мен силерге эжеке белем деп алар менен уруша кеттим.*

*Ыйлагым келди өзгөчө «саткын» деген сөз кулагыма жаңырып атат.*

*Ата, же менин кылганым туура эмеспи?*

*1995-жыл.*

*Атаке*

*Кыйшак кирген үйдө шыпта, сиздин Акин(Матаев ) агай тартып берген сүрөтүңүз илинип турат.Шумдук кудум эле сизди, тирүү адамдай кылып тарткан. Агайдын таланттына, суктанып олту-*

*рам. Бизге сүрөттөн билесиз да агай берет, доскага бор менен бир паста чиймелеп туруп, тартып койот. Оозубуз ачылып эле олтуруп калабыз. Мен дагы пейзаж тартып чиймелеп койдум.Эртең алпарып көрсөтөм го агайга.*

*Таланттыңызга таазим агай!*

*Атоо*

*Бүгүн жети саат, сабак кирип курсагым ачып, кабагыма кар жаап үйгө келдим. Химиядан Шарипа (Дарданкуева )эжеке берет.Ата, эжеке бизди бирдеме билип, үйрөнүп алышсын деп доскага элементтерди жазып сабак өтүп аткан.Дайыма сабакты кызыктуу өтөт.Аңгычакты эшикти чоң класстын балдарынан бирөө «жаңы жылыңар менен» деп жардыргычтан күйгүзүп туруп класска ыргытып, жиберди. Баарыбыз кыйкырган бойдон, парталардын астына кире качтык.Класс түтөп эле жатып калды.*

*Мына ата, химия сабагы жардыруу менен аяктады.*

*Ата!*

*Атоо, түндө менин уйкум келип жатса, Илчи кызыңыз аябай жиниме тийди.Түн жарымына чейин кир жууду, суукта «кир жайыш» деп уктаткан жок.Эмне кылып андан өчүмдү алсам? Бир балага жабыштырып койсом кайра кайра бетин жууп ыйлады.Айбек болсо адатынча Илчиге болушуп: Кечке кир жууп чарчаса, анан сенин кылганың туурабы? - деп мени урушту.Атоо, сен болсоң экөөнү тең урушмаксың ээ?*

*1992-жыл. январь.*

*Атаке!*

*Бүгүн акыркы сабак дене тарбия сабагы болду.- Сиздин окуучуңуз кайра менин агайым Шайымбет- (Масиров) агай сабак берет мага.Агай дайыма сергек болосуңар спорт менен машыккыла деп балдардын шайын алат.Андайда балдар – «Агай кыздарчы?» дешип атандаша башташат.Дайыма буларды атаандаштыра бербейли деп, -кросско чуркап биринчи келдим.Агай –«Азамат, азамат» деп мактап калды.Ата кызыңыз жакшы эле чуркайт экен.*

*Бирок кичине эле аракет кылып койсом мугалимдер мактап эле көтөрмөлөй беришет.Баардыгы сизге болгон сый урматы, ай арман ай атаке жанымда болсоңуз гана. Ата Шайымбет агай мектептин спорт аянтчасын өз демилгеси менен оңдоп, түздөп карай берет кыскасы патриот, чыныгы мугалим.*

*Атоо*

*Ата биз окуган мектеп өрттөнүп кетти. Чуркап жүрүп китепкананын китептерин сыртка ташыдык. Иий ата чоң имаратта окуганыбызга Айжан экөөбүз аябай сүйүнүп жүргөнбүз.*

*Өзүбүздү чоң окуучулардай сезип.Ата, эми эмне болот? Сенин элесиң да ал жерде бар эмес беле, атаке жаман болуп ыйлап жатам.Айбек менен Илчиге айтсам экөө мени Алтынай Сулайманова деп шылдыңдашты.Экөө ич ара уруша беришет, а мага калганда биригип калышат.*

*Ооба ата аларга маани бербей эле койом, бирок дагы эле ыйлагым келип жатат биз эми каякка окуйбуз.*

*1995-жыл.*

*Ата*

*Ата Мукеш агай бүгүн алгебрадан сабак өттү.Сөөмөйүн көтөрүп алып көпкө чейин түшүндүрүп жатканда, алдыда олтургандар гана угабыз артта олтургандар каалаганын кылып отурушат.Агай Мирландын жанына барып көпкө дейре аны көзөмөлдөп туруп алса, тажап кетти окшойт, мага карап-«Ээ Гүлай сенин суроолоруң калбай калдыбы? агайга суроо берип койчу сен жакка кетсин» дейт мага шыбырап, мен бырс күлүп жибердим. Ошентип агай, Мирланды сабактан куул чыкты да мен берген суроолорго кечке маңдайыма туруп алып түшүндүрүп атты....*

*1996- жыл.*

*Ата!...*

*Сизге дагы кат жазып олтурам. Байкуш апам түйшүктүн түпкүрүнө түшүп баратат.Илмийип арыктап, чачтары агарып кетиптир.Таңдан кечке жаны тынбайт бүгүн сиз жөнүндө сөз кылды, негизи эле сиз жөнүндө сөзү түгөнбөйт.*

*-«Атаңдын жумуштан келер маалы болуп калды деп, үй жыйнап бүтүп чай даярдап аткам, анан кечиккенинен жолун карап чыксам көрүнбөйт, букулуп үйгө кирейин десем маңдайымда турат.Чочуп кетип« Ачан, чай ич» деп ийиптирмин-ошондон кийин жумуштан келе жатканда –«Ачанга чай барбы?»- деп тамашалай берчү деди апам, сагыныч толгон кусалуу, тегерек көздөрүндөгү жаштарын ирмеп.*

*Ата сиз болгондо мынчалык кыйналбайт элек.- Апам белин жоолук менен бекем таңып алып, кайраттанып билгизбейт.Ата, апам жаныма келип:*

*« -Эмне эле, кылып жатасың» деп менин жазып аткан жазуума тигилип карай баштады.Мейлиңиз ата, катымдын калгандарын эртең жазам.*

*1995-жыл.апрель.*

***Атакебайым***

*Атакебайым сагындым сизди! Сүрөтүңүздү маңдайыма койуп алып, сүйлөшуп олтурам. Ооба сабактарым жакшы эле, биринчи суроонуз баары бир ушул болмок да ээ ата? Бүгүн тарых сабагынан Тоту (Мойдунов) агай берди. Жомоктогу баатырлардай болуп абдан сүрдүү.Кокон хандыгын өттук. Алгач агай үнүн акырын чыгарып, -«Аттардын дүбүртү угулуп, душман жакындап согуш талаасына келе жатты»-деп айтып берип жатканда баарыбыз түшкө маал болгондонбу уйкубуз келип үргүлөп олтурганбыз да улам эстеп.Агай анан үнүн бийик чыгарып, баатырлардай тур менен –« жоокерлер кылычтарын жаркыратып, душманды көздөй бет алды»- деп кыйкырганда селт эте түштүк да кудум жоокерлердей болуп түз олтуруп калдык.Ата мен дагы уйкусурап олтургам, Кундуз экөөбүз партада турган жалгыз тарых китебин, агай азыркы айтып берип жатканын сурачудай болуп бири- бирибизге тарткылашып ийдик. Себеби үргүлөп олтуруп чочуп кеттик да.*

*Тарыхыбызды билишибиз керек ээ ата?*

***Атоо!***

*Ураа, бүгүн бизге эки саат катары менен менин эң жакшы көргөн сабагым жана эң жакшы көргөн эжекем Бейшегүл (Ниязалиева) эжей сабак өттү.*

*Эжекеге жада калса ыр жазып да ийдим.Бирок ата ырымды эжекеге окуткан жокмун, алгач сизге окутайын дедим.Эжеке назик үнү менен*

*-«Кандай Гүлай» деп дайыма акыбалымды сурап турат.Биздин класстан мени анан Бакытты олимпиадага даярдап атат, класссташым Бакыт - «мен утам эркек баланы-кыз киши утуптур деп каяктан уктуң эле?» деп тамашалады. - «Кел анда азыр эле макал- лакаптардан айтышып көрөлү, кимибиз утулсак олимпиадага катышпайбыз» деп кол бериштик. Ооу ата! Ал кыйын экен, аа дегенимче алты макал айтып ийди.Бирок мен да калышкан жокмун, акырында уттум. Бакыт, Кундуз экөөбүздөн партадагы ордубузду талашканды койбоду.*

*Ата!*

*Ата бүгүн токойго эс алууга бардык.Класс жетекчибиз Гүлсайра(Алиева) эжеке бизди жөжөлөрүм деп эркелетет, үйүнө чакырды баарыбыз чурулдап барып алып даярдандык.Майлуу токоч жасадык, эжекенин үйүн үч көтөрүп чачып таштадык.Ошондо да эжеке бизди эркелеткенинен жазбайт.-«Буларды жөжүрөтүп кантип жөө алпарам, жүр тракторуңдун телешкасына салып алсаң да жеткир, » деп күйөөсүнө айдатып алды.А биз телешкада чайпалганыбызга карабай сүйүнүп кыйкырып ырдап бараттык.Баарынан да кызыгы токойго барсак он күндөн бери Айбек менен Айнук ат менен издеп таппай аткан ак кунаажыныбыз оттоп жүрөт. Сүйүнүп кетип эжекеге айттым да, үйдү көздөй Шаршек экөөбүз айдап жөнөдүк.Улам артка качат, Шаршек класссташыма рахмат, бак дарактарга тытылганына карабай айдашып барды.Апам Шаршекке рахматын айтып, сүйүнчү берди.Үйдө мени*

*мактап атышты, ошентип ата токойдогу эс алуу абдан жакшы өттү. Эми мал жоголсо эле мени токойго жөнөтүшпөсө болду.*

## *Атоо*

*Атоо сагындым. Бүгүнкү катымда сиз менен акыркы коңгуроо туралуу айткым келди,кантейин ата азыр жанымда болгонуңузда минтип кат жазып олтуруунун кажети болмок эмес да .Мугалимдерди тизмелеп алып аларга арнап ыр жазып олтурам.Алгач бизге Жеңиш агайдан кийин эркeлетип тосуп алган,эжекем Гүлжамалга (Шайнаева) ыр арнадым.Ата эжекени баарыбыз тең жакшы көрчүбүз.Эжеке жароокер,ар дайым ачык көңүлдө жүрөт.Сөздү да орунду сүйлөп биздин эң сүйүктүү мугалимибиз, бирок башка мектепке которулуп кетти.Узатып атканда энесинен алыстап аткан козулардай болуп, колун кармап " кетпеңизчи" деп балдар- кыздар болуп чурулдап, ыйлап да алдык. Эжеке менин идеалым.Андан соң Гуля (Алыбаева) эжекеме жаздым. Бир аз катуурак болгону менен эжеке бир сөзүндө турган, бизди дагы ошондой сапатка үйрөтүп келет. Эжекенин сабагында тыптынч олтурабыз.Бирок эс алууга чыкканда эжеке жылмайып- эми ойной берсеңер болот, сабакта сабактай эс алууда башкача эми чурулдай бергиле- деп жарыялайт ал учурда бизге кудай берет да.Ата менин мугалимдерим сиздин окуучуларыңыз беле.Баса ата жакшынакай, өзүнө куп жараштырып кийинген чет тилчи Гүлү( Жумабаева ) эжекеме да ыр арнадым. Эжекенин сабагынан бир жолу чыгып да кеттим.Себеби менин ички дүйнөмдө кандай бук болуп арман, жоготуу турганын эжеке сезген жок.?зүм шылтоо таппай турган жаным,бол-*

*гону" эмнеге даяр эмессиң сабакка , эмнеге окуучулук кийимчен эмессиң?" деген гана суроосуна чыгып кеттим .Туура эмес кылганымды үйгө барганымда сездим ата. Окуучулук кийимимди кийдим да, эжеkеден кечирим сурап, партама барып олтурдум.Классташтарым эч нерсеге түшүнбөй калышты.Сабактын акырында эжеке чакырып алып-Гүлай эмне болду?Аябай өзгөрүлүп түнт болуп баратасың ,бирөөнү жакшы көрүп калдыңбы? "Окушуң керек, өзгөчө чет тилин билүү азыркы замандын талабы"- деди эжеке жылмайып,ууртундагы уячасы өзүнө абдан жарашып турду."Чын эле, кимди сүйүп калдың?" деп Айжан мага тийишип эжекенин артында туруп алыптыр," сен эле калдың эле"- дедим Айжанга таарынып.*

*Атаке!*

*Мен бүгүн кубанычтуумун, алтын медалга көрсөтүп жатышат.Эки бетим кызарып албырып алгам.Билбейм, Жеңиш агайым чекемен сылап, эркелетип өзүңдөй мамиле кылганы үчүн жакшы окууга кылган аракетимдин жыйынтыгыбы же мугалимдердин сизди сыйлагандары үчүн койгон баалары кандай дейсиз? Кызыңыздан илбериңки, жакшы мугалим чыгабы? Сиздин, Жеңиш агайымдын, Гуля (Алыбаева) эжекемдин жана башка эже -агайлардын ишеничтерин актасам болду.*

*Мейли ата, эми сабагыма даярданайын.*

*1997-жыл март.*

*Атаке!*

*Ата мени эмнеге баары эле кара кыз дей беришет? Апапак сулуу болсом жакшы болмок да ээ...*

*Өзүмдү улам күзгүдөн карап койуп сабак даярданып олтурам. Атоо сизди аябай сагындым. Жок дегенде ушул катымды окуп койчу.Ыйлагым келип турат.- Жазгым да келбей калды баары бир окулбаган кат да. Бирок ушул кат аркылуу мен сиз менен жолугам, ушул кат аркылуу сиз менен сырдашам болгон кубанычым, кайгымды кат аркылуу сизге айтам.*

*Ата!*

*Андан бери канча жыл суудай эле акты, канча мезгилдер алмашты менин атама болгон сагыныч, кусалыгымдан улам жазылган каттарымдын саргайган барактарындагы дале күнү бүгүн дагы, жүрөгүмдүн тереңинен орун алып эч качан өчпөй турган алтын тамгалар менен басылгандай болуп, жанымда сакталып келет.Бирок, ушул оор жоготууну ар дайым сактап жүрө бергим келбей, ата сиздин бейитиңизге ала барып таштоону туура таптым. Менин наристе сезимимдеги сизге жазылган каттар гана ошол мезгилде мага кайрат күч берип, менин каттарымды бир кезде сиз барактап окуйт деген кыялга жетеленип биринин аркасынан бирин жазып олтуруп арадан канча жыл өткөзүпмүн...*

*Каралдым Атаке!*

*Ушунча жылдан кийин бул катымды сизге акыркы жолу жазып олтурам.*

*Кызык, небере кызыңыз жанымда атасы менен телефондон сүйлөшүп олтурат:*

*- Атоо сагындым сизди.*

*- Мен дагы кызулям.*

*- Ата мени баары эле кара кыз деп атышат ко?*

*- Алар сүйлөй беришет да кызым, сен менин аппак, сулуу кызымсың.*

*- Атоо, качан келесиң? Мага барпырак көйнөк ала кел ээ?*

*- Жакында барам, сага соонун көйнөк алып барам, макул ананайым менин.*

*- Ата, мен сизди аябай жакшы көрөм.*

*- Мен дагы кызулям, Акыл карачачым менин.*

*Билесизби! ата сиз мени саксагайым дечү эмес белеңиз болгону мени кара кыз дешкенде сиз дагы ушундай жооп айтмак экенсиз да ээ ата?*

*Эч убакта жараткаңыбыз балдарды эне- атасынан ажыратпасын!*

*Ар дайым наристелер ата- энеси менен болушсун!*

*2017-жыл. Март.*

# Мазмуну


Тамызгы – талант башаты .......... 3
Айылыма .......... 11
Адам ким? .......... 12
Сүрөтүңө .......... 13
Кусалык .......... 14
Көңүл калуу .......... 15
Бейиши болгон чыгаар .......... 16
Арча .......... 17
Акын жүрөгү .......... 18
Атама .......... 19
Күлбөгүлө .......... 20
Ак халатчан жигитке .......... 21
Кыргыз кайда? .......... 22
Жарыктыгым .......... 23
Кайран кыргыз .......... 24
Райкомдун гүлдөрү .......... 26
Балалыкка качалы .......... 27
Түшкө кирчи, бүгүн ата .......... 28
Эркелегим келет ата .......... 29
Өмүрдүн кышы келген сыяктанат .......... 30
Эжем бар .......... 31
Классташтар .......... 32
Билбептирмин .......... 33
Жамгыр .......... 34
Эскерме .......... 35
Буюккан тагдырымдын бурганагы .......... 36
Доско каалоо .......... 37
Махабатым! .......... 38
Жолдор .......... 39
Өмүр .......... 40
Сүрөт .......... 41
Агам менин .......... 42
Болсом дегем бактылуу .......... 43
Эне .......... 44
Бактым менин .......... 45
Кылымга күтүү .......... 46

Жалгыздыктын күлгөнү ........................................ 47
Сүйүү менен күтүү ........................................ 48
Мени эстегин ........................................ 49
Өрттөлгөн сүйүү! ........................................ 50
Кайрылба ........................................ 51
Кош бол эми түбөлүк! ........................................ 52
Өзгөрүлгөн башка адаммын азыр мен ........................................ 53
Кечирип кой ........................................ 54
Кайтуу ........................................ 55
Эмне күтөт алдыда?.. ........................................ 56
Менин жашоом ........................................ 57
Апакем ........................................ 58
А балким ........................................ 59
Сагынуу ........................................ 60
Мерез жүрөк ........................................ 61
Күнөөлүүбүз! ........................................ 62
Кайрылуу ........................................ 63
Жомокко окшош ........................................ 64
Кечигүү ........................................ 65
Үмүт жана сүйүү ........................................ 66
Мен түштүктүн бүлөсү ........................................ 67
Кечтим сенин сүйүүңдөн ........................................ 68
Раймалыга Бегимайдан ........................................ 69
Сен мендик болчу ........................................ 70
Сенсиз деле ........................................ 71
Сага ........................................ 72
Класстташым ........................................ 73
Ыйлаба, арзыбаган сүйүү үчүн ........................................ 74
Биз бөлөкпүз! ........................................ 74
Жолугуу ........................................ 75
Сен жөнүндө ........................................ 76
Болдуңбу ашык? ........................................ 77
Көңүл калуу ........................................ 78
Күтүү ........................................ 79
Түш ........................................ 80
Достук деген эмне? ........................................ 82
Апама ........................................ 83

Окулбаган каттар... ........................................ 85

**Гүлайым Абдраимова**

# ОКУЛБАГАН КАТТАР

**Калыпка салган оператор**
*Э. Талканов*

**Басууга 12.05.2017. кол коюлду. Форматы 60х84$^{1}/_{16}$.**
**Офсет кагазы. Көлөмү 6,5 басма табак.**
**Нускасы 200.**

**«Мега Формат» басмасында басылды.**



Абдраимова Гүлайым 1980-жылдын 8-апрелинде Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында төрөлгөн. Асан Абдраимов атындагы орто мектебин 1997-жылы аяктаган. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун Асан Абдраимов атындагы орто мектепте мугалим, райондук маданият үйүндө директор болуп иштеп, азыркы учурда басма сөз тармагында эмгектенип келет. Үй-бүлөлүү эки уул, бир кыздын энеси.